## Педагогикалык илимдер

**УДК: 373.3:82** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.504**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН МУРАСТАРЫН МУЗЫКА ЖАНА АДАБИЙ ОКУУ САБАКТАРЫ АРКЫЛУУ ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУ

*Абдиева Наргиза Гуламидиновна*
*Музыкалык-педагогикалык факультет, окутуучу*
*nargizaabdieva323@gmail/com*
*ORCID 0009-0001-4602-7757*

# ИНТЕГРАЦИЯ НАСЛЕДИЯ ЧЫНГЫЗА АЙТМАТОВА В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ ЧЕРЕЗ УРОКИ МУЗЫКИ И ЛИТЕРАТУРНОГО ЧТЕНИЯ

*Абдиева Наргиза Гуламидиновна*
*Факультет музыки и педагогики, преподаватель*
*nargizaabdieva323@gmail/com*
*ORCID 0009-0001-4602-7757*

# INTEGRATION OF CHYNGYZ AITMATOV’S HERITAGE IN PRIMARY SCHOOL THROUGH MUSIC AND LITERARY READING LESSONS

*Abdieva Nargiza Gulamidinovna*
*Faculty of Music and Pedagogy, teacher*
*nargizaabdieva323@gmail/com*
*ORCID 0009-0001-4602-7757*

***Аннотация***

*Бул изилдөө иши окутуу каражаттарынын негизинде башталгыч класстын окуучуларынын көркөм чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү маселесине арналган. Макалада улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылык мурастарын башталгыч мектептин билим берүү процессине интеграциялоонун илимий-методикалык негиздери каралат. Автор окуучуларга терең эстетикалык жана адеп-ахлактык тарбия берүүдө адабий окуу менен музыка сабактарын айкалыштыруунун натыйжалуулугун негиздейт. Макалада Айтматовдун чыгармаларындагы идеяларды музыкалык образдар жана көркөм сөз аркылуу ачууга мүмкүндүк берүүчү педагогикалык ыкмалар талданат. Башталгыч класс окуучуларынын улуттук аң-сезимин жана эмоционалдык интеллектин калыптандырууга өзгөчө көңүл бурулат. Бул эки сабактын интеграциясы баланын инсандык сапатын өнүктүрүүгө жана классикалык адабиятты окууга болгон кызыгуусун арттырууга багытталган ыкма катары каралат. Изилдөөдө теориялык талдоо,байкоо жүргүзүү, салыштырмалуу анализ ыкмалары колдонулду.*

*Изилдөөнүн жыйынтыгында сабактын максатына ылайык интеграциялоо окучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүнүн өсүшүнө оң таасири тийгизери далилденди.*

***Ачкыч сөздөр**: Ч. Айтматов, интеграцияланган окутуу, башталгыч класс, музыка, адабий окуу, эстетикалык тарбия, методика.*

***Аннотация***

*Данная исследовательская работа посвящена вопросу развития художественно-творческих способностей учащихся начальных классов на основе средств обучения. В статье рассматриваются научно-методические основы интеграции творческого наследия великого писателя Чынгыза Айтматова в образовательный процесс начальной школы. Автор обосновывает эффективность сочетания уроков литературного чтения и музыки в обеспечении глубокого эстетического и нравственного воспитания учащихся.*

*В статье анализируются педагогические методы, позволяющие раскрыть идеи произведений Айтматова через музыкальные образы и художественное слово. Особое внимание уделяется формированию национального самосознания и эмоционального интеллекта младших школьников. Интеграция этих двух предметов рассматривается как метод, направленный на развитие личностных качеств ребенка и повышение интереса к чтению классической литературы. В исследовании использовались методы теоретического анализа, наблюдения и сравнительного анализа.*

*Результаты исследования: Доказано, что интеграция в соответствии с целями урока оказывает положительное влияние на рост творческих способностей учащихся.*

***Ключевые слова:*** *Ч. Айтматов, интегрированное обучение, начальные классы, музыка, литературное чтение, эстетическое воспитание, методика*

***Abstract***

*This research work is devoted to the issue of developing the artistic and creative abilities of primary school students through instructional tools. The article examines the scientific and methodological foundations of integrating the creative heritage of the great writer Chingiz Aitmatov into the educational process of primary schools. The author substantiates the effectiveness of combining literary reading and music lessons in providing profound aesthetic and moral education to students.*

*The article analyzes pedagogical methods that allow for the unfolding of ideas in Aitmatov’s works through musical imagery and the artistic word. Particular attention is paid to the formation of national identity and emotional intelligence in primary school children. The integration of these two subjects is viewed as an approach aimed at developing the child's personality and increasing interest in reading classical literature. The study employed methods of theoretical analysis, observation, and comparative analysis.*

*Research findings: It has been proven that integration aligned with lesson objectives has a positive impact on the growth of students' creative abilities.*

***Key words****: Ch.Aitmatov, integrated learning, primary school, music, literary reading, aesthetic education, methodology.*

Башталгыч кластарда Чыңгыз Айтматовдун мурастарын окутуунун зарылдыгы жана актуалдуулугу азыркы ааламдашуу доорунда жаш муундардын улуттук наркын сактоо жана аларды руханий-адеп-ахлактык баалуулуктардын негизинде тарбиялоо мамлекеттик деңгээлдеги маанилүү маселелердин бири болуп саналат. Бул макалада кыргыз элинин залкар жазуучусу, дүйнөлүк деңгээлдеги ойчул Чыңгыз Айтматовдун калтырган адабий мурасы баа жеткис булак болуп саналат. Айтматовдун чыгармалары - бул жөн гана көркөм текст эмес, бул адамзаттын жашоо-турмушунун, жаратылыш менен болгон бийиктиги. Башталгыч класстын окуучуларына бул мурастарды жеткирүү - баланын инсан катары калыптанышына пайдубал түзүү дегенди билдирет.

Башталгыч класстагы балдардын психологиялык өзгөчөлүгү - алардын дүйнөнү эмоционалдык-образдык деңгээлде кабыл алгандыгында. Бул учурда окуучулардын аң-сезимине «жакшылык» жана «жамандык», «мекен», «эне», «жаратылыш» сыяктуу түшүнүктөр келе баштайт. Изилдөөчү А. Ж. Муратов (2019) белгилегендей, Айтматовдун дүйнөсү өзүнүн образдарга байлыгы, тилинин кооздугу жана терең маанилүүлүгү менен балдардын фантазиясын өстүрүүгө жана алардын ички дүйнөсүн байытууга зор мүмкүнчүлүк берет. Бирок, жазуучунун чыгармаларындагы терең философиялык ойлорду 7-10 жаштагы балага жөнөкөй түшүндүрүү жетишсиз.Андыктан адабият менен башка искусство түрлөрүн, өзгөчө музыканы интеграциялоо зарылдыгы келип чыгат.

Интеграцияланган окутуу - бул билим берүүнүн заманбап эң натыйжалуу ыкмалардын бири. Адабий окуу сабактарын музыка сабагы менен айкалыштыруу окуучунун окуган текстин кулагы менен угуп, сезими менен туюшуна шарт түзөт. Музыка-бул тилсиз сүйлөгөн философия, ал эми Айтматовдун чыгармалары өзүнүн ички ритми жана обону менен музыкага абдан жакын. Мисалы, «Ак кеме» повестиндеги Марал эне жомогу же

баланын кемеге карай сүзгөн образы музыкалык коштоо аркылуу берилгенде, окуучунун кабыл алуусу бир канча эсе күчөйт. К. А. Асманбекованын (2020) пикири боюнча, окуучу маалыматты бир эле убакта көрүү, угуу жана сезүү каналдары аркылуу алганда гана билим туруктуу жана терең болот. [1, 15-20-б.]

Чыңгыз Айтматовдун мурастарын интеграциялап окутуунун дагы бир актуалдуулугу - бул этнопедагогикалык баалуулуктарды жандандыруу. Жазуучунун чыгармаларында кыргыз элинин каада-салты, фольклору, улуттук аспаптардын үнү (чоор, комуз) жана элдик күүлөрдүн мааниси кеңири чагылдырылган. [2, 15-20-б.] Музыка сабагында улуттук күүлөрдү угуу жана аларды Айтматовдун каармандарынын тагдыры менен байланыштыруу окуучуда улуттук сыймыктануу сезимин ойготот. Бул процесс С. Иптаровдун (2018) концепциясында айтылган «дүйнө таануунун бүтүндүгү» принцибине толук жооп берет. Интеграция окуучуга дүйнөнү бөлүк-бөлүк эмес, бир бүтүн кубулуш катары көрүүгө жардам берет. [4, 15-22-бб.]

Бүгүнкү күндө билим берүү системасында окуучулардан функционалдык сабаттуулукту гана эмес, критикалык ой жүгүртүүнү жана чыгармачыл потенциалды талап кылат. Айтматовдун мурастарын адабий окуу жана музыка аркылуу окутуу-бул жөн гана текст талдоо эмес, бул баланын аң-сезимин өстүрүүчү курал. Окуучу чыгармадагы каармандын кайгысын музыкалык обондон сезип, анын кубанычын адабий сөз менен айтып жатып, айлана-чөйрөгө боорукердик менен караганды үйрөнөт. Башталгыч класстарда Чыңгыз Айтматовдун мурастарын интеграциялап окутуунун актуалдуулугу,окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык, маалыматты так жана бийик деңгээлде кабыл алуусун камсыздайт жана адабият менен музыканын айкалышы аркылуу окуучунун эстетикалык табитин жана чыгармачылык жөндөмүн өстүрөт. Интеграциялоодо, улуттук баалуулуктар баланын аң-сезимине сиңип,сабактардын мазмунун байытуу жана билим берүүнүн сапатын өстүрүү. Ушул себептүү, бул темадагы изилдөөлөр жана практикалык методикалар заманбап кыргыз мектеби үчүн өтө маанилүү жана кечиктирилгис маселе болуп эсептелет.

Башталгыч класстарда адабият жана музыка сабактарын интеграциялап окутууда баланын өнүгүүсүнө тийгизген таасири чоң. Заманбап педагогикалык илиминде интеграция түшүнүгү - бул жөн гана эки сабакты бириктирүү эмес, бул билим берүүнүн мазмунун жаңы сапатын көтөрүүчү, окуучунун дүйнө таанымын өзгөртүүчү процесс. Латын тилинен которгондо *integratio* - «калыбына келтирүү», «толуктоо», «бүтүндүк» деген маанини билдирет. Башталгыч класстарда адабий окуу жана музыка сабактарын интеграциялоо баланын таанып- билүү ишмердүүлүгүнүн табиятына эң жакын ыкма болуп саналат. Себеби, башталгыч класстардагы бала курчап турган чөйрөнү бөлүп-жарып эмес, бир бүтүн образ катары кабыл алат. Психологиялык көз караштан алганда, адабият менен музыканын айкалышы окуучунун эки башка кабыл алуу каналын-логикалык-сөздүк жана эмоционалдык-образдык каналдарын бир убакта иштетет.

Изилдөөчү Р. А. Токтосунова (2021) белгилегендей, интеграцияланган сабактарда окуучунун мээси маалыматты чарчоосуз жана кызыгуу менен кабыл алат, анткени бир ишмердүүлүк экинчисин толуктап, эмоционалдык фонду туруктуу кармап турат. Адабий окууда сөз аркылуу берилген образ музыкалык добуш аркылуу угулганда, баланын фантазиясы активдүү иштеп, чыгарманын маңызын тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк түзүлөт. Адабият менен музыканын ортосундагы байланыш өтө жакын, убакыттын өтүшү менен бул сабактар өнүгүүчү искусство түрлөрү болуп саналат жана экөө тең интонацияга, ритмге, темпке таянат. Чыңгыз Айтматовдун прозасы өзүнүн ички музыкалуулугу, ритмикалык түзүлүшү жана добуштук образдарга байлыгы менен айырмаланат. Жазуучунун чыгармаларындагы жаратылыштын добушу, шамалдын улуганы, аттын дүбүртү же комуздун үнү - мунун баары музыкалык тилге оңой которула турган элементтер. А. Ж. Муратов (2019) көрсөткөндөй, Айтматовдун текстиндеги «үнсүз» маалыматтарды музыка аркылуу «сүйлөтүү» - бул окуучунун эстетикалык табитин өстүрүүнүн эң кыска жолу.

Педагогикада интеграцияланган сабактар окуучулардын функционалдык

сабаттуулугун арттыруунун куралы катары каралат. Башталгыч класстын мугалими үчүн интеграция - баланын окуу мотивациясын жогорулатат. Музыкалык коштоо сабактагы бир түрдүүлүктү жоюп, баланы сабакка кызыктырат. Музыканын жардамы менен окуучу адабий каармандын ички абалын (кайгысын, кубанычын, коркунучун) өзүнүн сезиминен өткөрөт. Эс тутумду бекемдейт жана музыкалык образ менен байланышкан адабий маалымат баланын эсинде узакка сакталат.

С. Иптаровдун (2018) этнопедагогикалык концепциясына таянсак, адабият менен музыканын интеграциясы улуттук баалуулуктарды сиңирүүдө өзгөчө мааниге ээ. Айтматовдун чыгармаларындагы кыргыз духун, элдик акылмандыкты музыкалык аспаптардын коштоосунда (мисалы, «Саманчынын жолундагы» жер эненин монологун жай обон менен айкалыштыруу) берүү - окуучунун аң-сезимин жандандырат. Бул жерде музыка жөн гана фон эмес, ал тексттин маанисин тереңдетүүчү, ага жан киргизүүчү кошумча «тил» катары кызмат кылат.

Ошондой эле, интеграцияланган сабактар окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрөт. Окуучулар текстти окуп эле тим болбостон, ага ылайыктуу обон тандашат, каармандардын образын музыкалык аспаптардын үнү менен окшоштурушат. Бул ыкма балдардын ой жүгүртүүсүн калыптандырат. Заманбап билим берүү стандарттары талап кылгандай, мындай сабактарда окуучу даяр маалыматты алуучу гана эмес, аны кайра иштеп чыгуучу, өзүнүн субъективдүү көз карашын жаратуучу активдүү катышуучуга айланат. [5, 45-52-бб.]

Башталгыч класстарда адабият менен музыканы интеграциялоо-бул баланын табигый кабыл алуу өзгөчөлүгүн негиздейт, анын эмоционалдык жана интеллектуалдык өсүшүнө жардам берет. Чыңгыз Айтматовдун мурастары башталгыч класстарда адабий окуу жана музыка сабактарын айкалыштырып окутуу үчүн эң бай жана мазмундуу материал болуп бере алат, анткени анын чыгармачылыгы өзүнчө бир зор симфония сыяктуу көп кырдуу жана терең. Билим берүүнүн заманбап шартында Чыңгыз Айтматовдун адабий мурастарын окутууда салттуу текст талдоо интеграцияланган мүнөзгө ээ болууда. Интеграцияланган сабактардын таасирдүүлүгү мугалимдин методикалык чеберчилигинен түздөн-түз көз каранды. Башталгыч класстарда адабий окуу менен музыканы айкалыштыруу окуучунун окуу жөндөмүн эле эмес, анын эстетикалык кабыл алуусун жана чыгармачыл фантазиясын жогорку деңгээлге көтөрөт. Эң натыйжалуу ыкмалардын бири - «Музыкалык иллюстрация». Мында окуучулар Айтматовдун бир чыгармасын (мисалы, «Ак кемедеги» Бугу эне тууралуу жомокту) окуп жатканда, фондо ошол окуянын маанисине төп келген музыкадан үзүндү берилет. Муратовдун (2019) изилдөөлөрү көрсөткөндөй,чыгарма менен обондун бир убакта берилиши баланын аң-сезиминде «жандуу образды» жаратат. Мугалим К. Молдобасановдун «Саманчынын жолу» балет-ораториясынан же Н. Давлесовдун чыгармаларынан үзүндүлөрдү колдонуу менен, окуучуларга каармандын ички толкундоосун сөзсүз эле түшүндүрүп берүүнүн ордуна, аны сездирүүгө жетишет**.** Башталгыч класстарда колдонулуучу усулдардын бири - «Үн жана мүнөз».

Бул ыкмада окуучулар каармандардын мүнөзүнө карап, аларга тиешелүү музыкалык аспаптарды тандашат. Маселен, «Ак кемедеги» баланын назик жана таза дүйнөсүн чоордун үнү менен, ал эми Орозкулдун катаал мүнөзүн добулбастын же оор үйлөмө аспаптардын үнү менен байланыштыруу сунушталат. Мындай методикалык ыкма Токтосунова (2021) белгилегендей, окуучулардын аналитикалык ой жүгүртүүсүн өстүрөт жана аларды адабий образды тереңирээк деталдаштырууга үйрөтөт. Бул жерде интеграция жөн гана кооздук үчүн эмес, каармандын психологиясын ачуунун куралы катары кызмат кылат. Санариптик доордун балдары үчүн аудио-визуалдык маалымат абдан маанилүү.

Мугалим сабакта Ч. Айтматовдун чыгармаларына негизделген мультфильмдерди же көркөм тасмаларды музыкасыз (үнсүз) көрсөтүп, окуучуларга «Бул көрсөтүүгө кандай музыка ылайык келет?» деген тапшырманы берүү менен алардын чыгармачылык активдүүлүгүн ойгото алат. Асманбековanын (2020) пикири боюнча, мындай

«режиссердук» мамиле окуучуну жөн гана угуучудан чыгарманы жаратуучуга айлантат. Синтездик долбоорлорду түзүү - интеграциянын дагы бир бийик деңгээли болуп эсептелет.

Сабак учурунда окуучулар топторго бөлүнүп, Айтматовдун чыгармасынан бир үзүндүсүн сахналаштырыштырып,ага өздөрү музыкалык коштоону тандашат. Бул усул окуучулардын баарлашуусун өстүрүү менен бирге, адабият менен музыканын тили бир экенин жана экөө тең адамдын сезимин чагылдырарын түшүнүүгө жардам берет. С. Иптаровдун (2018) концепциясына ылайык, мындай сабактарда кыргыздын салттык күүлөрүн колдонуу окуучунун мекенчилдик сезимин жана улуттук маданиятка болгон сыймыктануусун арттырат. Ошондой эле, интеграцияланган окутууда дагы бир натыйжалуу ыкманы колдонуп көрүүгө болот. Окуучу Айтматовдун чыгармасын окуп, музыканы угуп жатып, ошол обондон жана сөздөрдөн алган таасирин сүрөткө түшүрөт. Бул үч искусствонун - адабияттын, музыканын жана сүрөт искусствосунун интеграциясы болуп саналат. Мындай ар тараптуу мамиле башталгыч класстын окуучусунун дүйнө таанымын, эстетикалык жактан кабыл алуусун өнүктүрөт.

Чындыгында,Чыңгыз Айтматовдун мурастарын музыка менен интеграциялап окутууда жаңы ыкмаларды колдонуу - бул заман талабы. Салттуу окутуудан заманбап, активдүү жана чыгармачыл окутууга өтүү окуучунун классикалык адабиятка болгон кызыгуусун арттыруу менен, анын ички дүйнөсүнүн гармониялуу өсүшүнө негиз түзөт. Ар түрдүү усулдарды бириктирип окутуу,окуучуга Айтматовдун ааламын үн, сөз жана образ аркылуу бүтүн кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет. ”Адабият - бул адамдын жүрөгүнө түз жол ачкан мугалим”- Ч.Айтматов.

Чындыгында**,**адабий текстти музыкалык образдар менен айкалыштыруу башталгыч класстын окуучуларынын кабыл алуусун жеңилдетип, берилген маалыматтын аң-сезимде терең жана туруктуу сакталышын камсыз кылат. Музыка адабий тексттеги катылган сезимдерди жана философиялык ойлорду баланын жүрөгүнө жеткирүүчү «көпүрө» кызматын аткарат.

Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы идеяларды салттык күүлөр (комуз, чоор ж.б.) аркылуу берүү окуучуларда мекенчилдик сезимди жана улуттук калыптандыруунун эң таасирдүү жолу болуп саналат.

Интеграцияланган окутуунун маниси музыка жана адабият сабактарын айкалыштыруу окуучулардын чыгарманы тереңирээк сезүүсүнө шарт түзөт. Музыкалык коштоо адабий каармандын ички дүйнөсүн ачууга жардам берет. Педагогикалык илимдердин доктору С.Иптаровдун (2018) пикиринде, этнопедагогикалык элементтерди музыка аркылуу берүү окуучунун маданий деңгээлин көтөрөт. Ошондой эле, окутуунун интеграцияланган формалары башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн жана логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрөт (Токтосунова, 2021).

Айтматовдун ааламын музыка менен интеграциялап окутуу - бул жөн гана методикалык ыкма эмес, бул жаш муундарды руханий-адеп-ахлактык жактан тарбиялоонун узак мөөнөттүү максатка багытталган куралы. “Гумандуулук, айкөлдүк, кечиримдүүлүк”-деп Манастын жети осуятында айтылгандай,интеграцияланган сабактар окуучуну айкөлдүк меннен адабиятты сүйүүгө,жана айлана-чөйрөгө гумандуулук менен мамиле кылууга багыттайт.Макалада сунушталган ыкмалар башталгыч класстын мугалимдери үчүн практикалык колдонмо катары кызмат кылып, билим берүүнүн сапатын жаңы деңгээлге көтөрүүгө көмөктөшөт деген ойдомун.

Бул макаланын негизинде башталгыч класстарда Чыңгыз Айтматовдун адабий мурастарын музыка сабагы менен интеграциялап окутуу - бул заманбап билим берүү системасынын талаптарына жооп берген,окуучунун адамдык сапатын ар тараптуу өстүрүүчү натыйжалуу педагогикалык усул экендиги далилденди.Адабият менен музыканын айкалышуусу окуучунун дүйнөнү бүтүн кабыл алуусуна,аң-сезиминин өнүгүүсүнө жана көркөм табитинин калыптанышына түздөн-түз таасирин тийгизет. Чыңгыз Айтматовдун ааламы менен музыканы айкалыштыруу - бул балдардын жүрөгүндө өчпөс из калтыра турган багыт.

**Жыйынтыктап айтканда,** Чыңгыз Айтматовдун мурастарын башталгыч мектепте окутуу - бул жөн гана текстти окуу эмес, бул баалуулуктарды жана эстетикалык кабыл алууну калыптандыруу. Заманбап педагогикада адабият менен музыканы интеграциялоо окуучунун эмоционалдык интеллектин өстүрүүгө жардам берет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Асманбекова, К. А. Башталгыч класстарда Ч. Айтматовдун чыгармаларын окутуунун методикалык негиздери. – Бишкек: Билим жана тарбия, 2020.
2. Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагы. – Бишкек. 2009.
3. Aitmatov, C. The White Ship (Trans.). – Central Asian Literature Review, 2008.
4. Иптаров, С**.** Этнопедагогика жана улуттук баалуулуктар // И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2018. – № 2(1). – 15-22-бб.
5. Токтосунова, Р. А. Интеграцияланган сабактар – билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун жолу // Педагогикалык илимий журнал. – 2021. – № 4(2). – 45-52-бб.
6. Муратов, А. Ж. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын мектепте окутуунун инновациялык технологиялары. – Бишкек: Турар, 2019.
7. Касымбеков Э.А. Жогорку окуу жайларында кесиптик окутуу педагогдорун даярдоонун дидактикалык негиздери Бишкек: 2015.

**УДК 37.017:398**

## ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРДИН ТАРБИЯ ИШТЕРИНДЕ КЫРГЫЗ ЭТНОПЕДАГОГИКАСЫН КОЛДОНУУ

*Абдулахамидова Б.Н. п. и.к., доцент*
ORCID:0009-0004-6620-1224
*Борубаева Нурия Акматовна*
*ПМ-1-25 тайпасы (магистр) ОшМПУ*

## ПРИМЕНЕНИЕ КЫРГЫЗСКОЙ ЭТНОПЕДАГОГИКИ В ВОСПИТАТЕЛЬНОЙ РАБОТЕ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ШКОЛ

*Абдулахамидова Б.Н., п.и.к., доцент*
*Борубаева Нурия Акматовна*
*ПМ-1-25 группа (магистр) ОшГПУ*

## APPLICATION OF KYRGYZ ETHNOPEDAGOGY IN THE EDUCATIONAL WORK OF GENERAL EDUCATION SCHOOLS

*Abdulahamidova B.N., Ph.D. Associate Professor*
*Borubaeva Nuriya Akmatovna*
*PM-1-25 Group (Master’s)*
*Osh State Pedagogical University*

***Аннотация***

*Бул макалада жалпы билим берүүчү мектептерде тарбия иштерин натыйжалуу уюштурууда кыргыз этнопедагогикасынын ролу кеңири каралат. Улуттук баалуулуктарды, каада-салттарды жана элдик тарбия ыкмаларын окуу-тарбия процессине киргизүүнүн маанисси негизделет. Мектеп шартында этнопедагогикалык ыкмаларды колдонуу окуучулардын адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөрү далилденет. Ошондой эле мугалимдердин тарбия иштеринде этнопедагогикалык ыкмаларды максаттуу жана системалуу колдонушу окуучулардын жүрүм-турумун оң*